**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛАСТЫ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**
**ЖЕРГЕ-ТАЛ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**ЖЕРГЕ-ТАЛЬСКИЙ АИЛЬНЫЙ**
**КЕНЕШ**

Депутаттардын Жерге- Тал айылдык
Кеңешинин жетинчи
чакырылышынын XXIII сессиясынын

**ТОКТОМУ №23\1**

Чолок-Кайың айылы 01-март 2023-жыл.

**Жерге- Тал айыл аймагында турган, ээси аныкталбаган, эски сарайлардын (мурда сарай салынып, бузулган) ордун жана баасын аныктоо менен айыл тургундарынын менчигине берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык Депутаттардын Жерге- Тал айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Жерге- Тал айыл аймагында жайгашкан, ээси аныкталбаган, эски сарайлардын (бузулган) орду такталып, айыл өкмөтүнүн балансасына өткөрүлүп берилсин.
2. Аныкталган эски сарайларды айыл тургундарынын менчигине берүүдө, комиссиянын корутундусуна ылайык, эки категорияга бөлүү жөнүндө сунушу жактырылсын.
3. 1- категорияга Балкыбек, Борду- Колот участкаларынан бери ички сарайларга кирсин жана сарай салуу үчүн 70,0 м/с (жетимиш миң сомдон),
4. 2- категорияга сырткы сарайлар кирсин жана сарай алуу үчүн 50,0 м/с (элүү миң сомдон) акча төгүү жагы каралсын.
5. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу, айыл өкмөтүнүн башчысы И. Иманалиевге милдеттендирилсин.

Төрага: Т.Орунбаев

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛАСТЫ**<br>**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**<br>**ЖЕРГЕ-ТАЛ АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**<br>**ЖЕРГЕ-ТАЛЬСКИЙ АИЛЬНЫЙ**<br>**КЕНЕШ** |

Депутаттардын Жерге- Тал айылдык
Кеңешинин жетинчи
чакырылышынын XXIII сессиясынын

**ТОКТОМУ №23\2**

Чолок-Кайың айылы 01-март 2023-жыл.

**Жерге- Тал айыл өкмөтүнө караштуу Чолок- Кайың айылындагы "Калпанын алма багын", песко блок чыгаруучу станок коюлган жер аянтын жана кампаны ижарага берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын " Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына ылайык Депутаттардын Жерге- Тал айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Чолок- Кайың айылындагы "Калпанын алма багы" 9 га жер аянты менен тарыхый мурас катары таануу менен муниципалдык менчик катары калтырылсын. Өз маскатында иш алып барылбагандыктан жеке менчикке жана арендага берүү жөнүндөгү мурунку Жерге-Тал айыл өкмөтүнүн токтомдору жокко чыгарылсын.
2. "Калпанын алма багы" жалпы 9 га жер аянты менен 5 (беш) жылдык мөөнөткө жылына 10,0 (он миң) сомдон аренда акы төлөө менен келишимдин негизинде Дубанаев Сагындыкка арендага берилсин.
3. Песко блок чыгаруучу станок орнотулган жер аянты жана каркастары менен 3 (үч) жылдык мөөнөткө жылына 10,0 (он миң сомдон) аренда акы төлөп, иштетүү үчүн ишкер Алмабеков Муханбетке келишимдин негизинде ижарага берилсин.
4. Кампа жана ВИМ (дан эгиндерин тазалоочу аппарат он абалында) тараза (бузук абалда) элге кызмат көрсөтүү максатында, дан эгиндерин сактап, тазалатуу үчүн ишкер Өмүров Мирбек Райымбековичке жылына 5 (беш миң сомдон) аренда акы төлөө менен келишимдин негизинде 3 (үч) жылдык мөөнөт менен ижарага берилсин.
5. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн башчысы И.Иманалиевге тапшырылсын.

Төрага: Т.Орунбаев.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛАСТЫ<br>АК-ТАЛАА РАЙОНУ<br>ЖЕРГЕ-ТАЛ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН<br>ЖЕРГЕ-ТАЛЬСКИЙ АИЛЬНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

Депутаттардын Жерге- Тал айылдык
Кеңешинин жетинчи
чакырылышынын XXIII сессиясынын

**ТОКТОМУ №23\3**

Чолок-Кайың айылы 01-март 2023-жыл.

**Жерге- Тал айыл аймагына караштуу Кашка- Суу участкасындагы (күн чыгыш тарабынан) Чомолдун оозу участкасынан туристик база уюштуруу үчүн жер аянтын ижарага берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык Депутаттардын Жерге- Тал айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кашка –Суу участкасынын күн батыш тарабынан орун алган Чомолдун оозу участкасынан 1 га жер аянты туристтик база уюштуруу үчүн айыл тургуну Асаналы уулу Кубанычбекке 2 (эки) жылдык мөөнөт менен келишимдин негизинде берилсин.
2. Жеңил конструкция менен гана бөлүнгөн жер аянтына курулуш куруу, ижара акысын мөөнөтүнөн кечиктирбей төлөө, келишимде көрсөтүлгөн талаптарды так аткаруу, жайыт жерлерин зыянга учуратпоо жагы ишкер Асаналы уулу Кубанычбекке милдеттендирилсин.
3. Келишимдеги талаптарды аткарылбаган шартта (башка багытта пайдаланса) мөөнөтү бүтпөгөндүгүнө карабастан айыл тургундарынын сунушун эске алуу менен чыгарылган токтомду жокко чыгаруу жагы айылдык кеңешке, келишим мөөнөтүн токтотуу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн башчысы И.Иманалиевге жүктөлсүн.

Төрага: Т.Орунбаев.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛАСТЫ<br>АК-ТАЛАА РАЙОНУ<br>ЖЕРГЕ-ТАЛ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН<br>ЖЕРГЕ-ТАЛЬСКИЙ АИЛЬНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

Депутаттардын Жерге- Тал айылдык
Кеңешинин жетинчи
чакырылышынын XXIII сессиясынын

**ТОКТОМУ №23\4**

Чолок-Кайың айылы 01-март 2023-жыл.

**Жерге- Тал айыл өкмөтүнүн балансасында турган, ээси аныкталбаган, мүлктөрдүн баасын аныктоо менен айыл тургундарынын менчигине берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык Депутаттардын Жерге- Тал айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Жерге- Тал айыл өкмөтүнүн балансасында турган, мончонун имараты, жер аянты менен 300,0 (үч жүз миң сомго) бааланып, айыл тургуну Дөөлөтов Нурбек Кудайбергеновичке жеке менчигине сатылсын.
2. 2 (эки) айлык мөөнөттө 300,0 миң сом акча каражатын толугу менен төлөп, тиешелүү документтерин бүткөрүп алуу жагы Н.Дөөлөтовго сунушталсын.
3. Тери цехтин имараты жана жер аянты 300,0 м/сомго баалансын.
4. Эски базардын ордунун 0,03 сот.жер аянты 25,0 (жыйырма беш миң сомго) бааланып, Мырзабаев Марс Жээнбековичтин жеке менчигине сатууга берилсин.
5. Көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирип, акча каражатын төкпөгөн шартта кайрадан сатууга коюлаары белгиленсин.
6. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы И. Иманалиевге жүктөлсүн.

Төрага: Т.Орунбаев.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛАСТЫ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**
**ЖЕРГЕ-ТАЛ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**ЖЕРГЕ-ТАЛЬСКИЙ АИЛЬНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

Депутаттардын Жерге- Тал айылдык
Кеңешинин жетинчи
чакырылышынын XXIII сессиясынын

**ТОКТОМУ №23\5**

Чолок-Кайың айылы 01-март 2023-жыл.

**Айылдын "Ардактуу атуулуна" берилген сунуштарды кароо жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын " Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына ылайык Депутаттардын Жерге- Тал айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Чолок- Кайың айылынын тургуну Абдыраимов Солдатбек Түкөнөйевичке,

2. Жерге- Тал айылынын тургуну Ажыбаев Рысмендеге,

3. Баетов айылынын тургуну Рыспаев Таланттарга айылдын **"Ардактуу атуулу"** наамы ыйгарылсын.

4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн башчысы И.Иманалиевге тапшырылсын.

Төрага: Т.Орунбаев.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛАСТЫ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**
**ЖЕРГЕ-ТАЛ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**ЖЕРГЕ-ТАЛЬСКИЙ АИЛЬНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

Депутаттардын Жерге- Тал айылдык
Кеңешинин жетинчи
чакырылышынын XXIII сессиясынын

**ТОКТОМУ №23\6**

Чолок-Кайың айылы 01-март 2023-жыл.

**Жерге- Тал айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде калтырылган мүлктөр жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык Депутаттардын Жерге- Тал айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Жерге- Тал айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде төмөндөгү мүлктөр калтырылсын:
   - Жерге- Тал айылындагы кампа,
   - Чолок- Кайын айылындагы кампа, тараза, ВИМ,
   - Сверильный станок, гидропресс,
   - Калпанын алма багы, 9 га жер аянты менен,
   - Спорт зал,
   - Парник өстүрүү боюнча теплицанын каркастары.
2. Өз максатында иш алып барылбагандыктан бассейнди менчикке берүү боюнча Жерге-Тал айыл өкмөтүнүн мурдагы токтому жокко чыгарылып муниципалдык менчикке калтырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айыл өкмөтүнүн башчысы И.Иманалиевге тапшырылсын.

Төрага: Т.Орунбаев.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛАСТЫ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**
**ЖЕРГЕ-ТАЛ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**ЖЕРГЕ-ТАЛЬСКИЙ АИЛЬНЫЙ**
**КЕНЕШ**

Депутаттардын Жерге- Тал айылдык
Кеңешинин жетинчи
чакырылышынын XXIII сессиясынын

**ТОКТОМУ №23\7**

Чолок-Кайың айылы 01-март 2023-жыл.

**Жерге-Тал айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы жергиликтүү бюджетинин бюджеттик каражаттан калган калдык 1908,6 миң сом жана атайын каражаттан калган калдык 198,6 миң сом жалпы 2107,2 миң акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык Депутаттардын Жерге-Тал айылдык Кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Бюджеттик каражаттан калган 1908,6 миң сомду төмөндөгү максатта:
    1. Аппарат -210,0
    2. Китепкана -0,9
    3. Клуб -37,7
    4. ЖКХ -1206,0
    5. Балабакча -149,2
    6. Мектеп -215,0
    7. Компенсация -89,8

Жалпы : 1908,6 миң (бир миллион тогуз жүз сегиз миң алты жүз сом ) сом.

2. Атайын каражаттан калган 198,6 миң сомду төмөндөгү максатта:
    1. Бала бакча -198,6

Жалпы: 198,6 ( бир жүз токсон сегиз миң алты жүз) сом.
Баардыгы: 2107,2 миң сом.

Жогоруда көрсөтүлгөн беренелер боюнча чегерилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу ФЭБ башчысы А.Медетовага жүктөлсүн.

Төрага: Т.Орунбаев.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛАСТЫ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**
**ЖЕРГЕ-ТАЛ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**ЖЕРГЕ-ТАЛЬСКИЙ АИЛЬНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

Депутаттардын Жерге- Тал айылдык
Кеңешинин жетинчи
чакырылышынын XXIII сессиясынын

**ТОКТОМУ №23\8**

Чолок-Кайың айылы 01-март 2023-жыл.

**Жерге- Тал айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу “ Туура- Булак” муниципалдык ишканасын түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 26.12.2022-жылдагы Нарын облусунун аймагында жайгашкан айыл аймактарында пилоттук долбоорду ишке ашыруу жөнүндө №713 токтомуна ылайык Жерге- Тал айылдык Кеңеши **токтом кылат**:

1. Жерге- Тал айыл өкмөтүнүн алдында “Туура- Булак” муниципалдык ишканасы түзүлсүн.
2. “Туура-Булак” муниципалдык ишканасынын Уставы бекитилсин жана мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөт башчысы И. Иманалиевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Төрага: Т. Орунбаев.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛАСТЫ<br>АК-ТАЛАА РАЙОНУ<br>ЖЕРГЕ-ТАЛ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН<br>ЖЕРГЕ-ТАЛЬСКИЙ АИЛЬНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

Депутаттардын Жерге- Тал айылдык
Кеңешинин жетинчи
чакырылышынын XXIII сессиясынын

**ТОКТОМУ № 23/ 9**

Чолок-Кайың айылы 01-март 2023-жыл.

**Жерге- Тал айыл аймагында турган, ээси аныкталбаган, эски сарайлардын (мурда сарай салынып, бузулган) ордун аныктоо менен айыл тургундарынын арыздарына ылайык менчигине берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына жана жер кодексинин 73-статьясынын 2-пунктуна ылайык Депутаттардын Жерге- Тал айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Жерге- Тал айыл аймагында жайгашкан, ээси аныкталбаган, эски сарайлардын (бузулган) орду такталып, айыл тургундарынын арыздарына ылайык ар бир жаранга 0,20 сотыйдан жеке менчигине берилсин. (тиркеме тиркелет №1)

2. Аныкталган эски сарайларды айыл тургундарынын менчигине берүүдө, комиссиянын (2023-жыл 24-март №24-б) корутундусуна ылайык иш алып баруу жагы белгиленсин.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Жерге- Тал айыл өкмөтүнүн башчысы И.Иманалиевге тапшырылсын.

Төрага: Т.Орунбаев.

Жерге- Тал айылдык
Кеңешинин жетинчи
чакырылышынын XXIII сессиясынын
№ 23/9 сессиясынын токтомуна
тиркеме №1.

Жерге- Тал айыл аймагында турган, ээси аныкталбаган, эски сарайлардын (мурда сарай салынып, бузулган) ордун аныктоо менен айыл тургундарынын арыздарына ылайык менчигине берилген жарандар боюнча маалымат.

| № П/П | Сарайлардын аталышы | Сарай алуучу атуулдардын А. А. А. |
|---|---|---|
| 1 | Балкыбек | Молдобаев Рысбай |
| 2 | Эки Чат | Итикулов Алтынбек |
| 3 | Боз Таш | Доолотов Нурбек |
| 4 | Баяр | Үсөнов Эдил |
| 5 | Бок басар | Калназаров Калыбек |
| 6 | Эски кампа | Касмалиев А |
| 7 | Конур | Турдукожоев Нуржан |
| 8 | Ак- Терек | Кадырбек у Аттокур |
| 9 | Көкөн- Булак | Артыков Илич |
| 10 | Тоок- Өтөк | Ибраимов Иман |
| 11 | Киндик- Дөбө | Шераалы у Улан |
| 12 | Конурдун усту | Нусупов Рүстөм |
| 13 | Конурдун усту | Кариев Талантбек |
| 14 | Чон - Дөбө | Андашов Абдыбек |
| 15 | Көлмө | Асанаалы уулу Улан |
| 16 | Аралдын сарайы | Кыпчаков Эркинбай |
| 17 | Чон- Кайынды | Токтомушов Жайлообек |
| 18 | Бел- Булак | Биримкулов Алмасбек |
| 19 | Уй- Тил | Кудайберди уулу Калыбай |
| 20 | Жаны Чынгыш | Жээнбеков Айбек |
| 21 | Топурак Кыя | Кылычбеков Кайрат |
| 22 | Тогуз Булак | Ормокеев Бактыбек |
| 23 | Көк Сайдын оозу | Турдаалы у Кубанычбек |

Жооптуу катчы: Чоро уулу Алмазбек.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛАСТЫ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**
**ЖЕРГЕ-ТАЛ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**ЖЕРГЕ-ТАЛЬСКИЙ АИЛЬНЫЙ**
**КЕНЕШ**

Депутаттардын Жерге- Тал айылдык
Кеӊешинин жетинчи
чакырылышынын кезексиз XXIV
сессиясынын

**ТОКТОМУ № 24/ 1**

Чолок-Кайың айылы 27-апрель 2023-жыл.

**Жерге-Тал айыл өкмөтүнө 2023- жылдын бюджетинин бекитилген планынан ашыкча 14152900 классификациясына жаратылыш активдерин пайдалануу үчүн түшкөн акча каражаттан 600,0 миң сом акча каражатын пайдалануу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык Депутаттардын Жерге-Тал айылдык Кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Чолок-Кайың Жерге-Тал айылдарынын ички жолдоруна шагыл төгүү үчүн күйүүчү май сатып алууга**.**
   ЖКХ – 2214 статьясына – 600,0 миң сом.

Жалпы : 600,0 миң (алты жуз миң ) сом.

Жогоруда көрсөтүлгөн берене боюнча чегерилсин.

2.Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу ФЭБ башчысы А.Медетовага жүктөлсүн.

Төрага: Т.Орунбаев